| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМ** |
| **«Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин уюштуруучуларынын жалпы чогулушунда** | **«Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо агенттигинин директору** |
| **№6 протокол “22” 07 2025-ж.** | **_______ Бостонова П.З.** |
| | **“___” 07 2025-ж.** |

**Билим берүү уюмдарын жана билим берүү программаларын аккредитациялоо боюнча тышкы эксперт үчүн**
**(өзүн-өзү баалоо отчетун талдоо боюнча)**

# НУСКАМА

**I. Жалпы жоболор**

1. Бул Нускама билим берүү уюмдарын жана билим берүү программаларын аккредитация процедураларына Агенттик тарабынан тартылган тышкы эксперттер үчүн арналган.
2. Нусканын максаты – билим берүү уюмунун (БУ) же билим берүү программасынын (БП) өзүн-өзү баалоо отчетун талдоого бирдиктүү, объективдүү жана системдүү мамилени камсыз кылуу.
3. Эксперт төмөнкүлөргө ылайык иш алып барууга милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мыйзамдарына;
- Агенттиктин аккредитация боюнча ченемдик документтерине;
- Тышкы эксперттин этика кодексине;
- объективдүүлүк, көз карандысыздык, адилеттүүлүк жана купуялуулук принциптерине.

**II. Өзүн-өзү баалоо отчетун талдоонун этаптары**

**1. Алдын ала таанышуу**

- Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоо отчетун жана коштоочу материалдарды алуу жана каттоо. (Агенттиктин прерогативасы)
- Уюм/программа боюнча паспорттук маалыматтар менен таанышуу (түрү, деңгээли, лицензиясы, контингенти, окутуу формалары). (Референт менен эксперттин прерогативасы)
- Агенттиктин стандарттары жана критерийлерине ылайык жалпы анализ планын түзүү.

**2. Отчеттун түзүлүшүн жана толуктугун текшерүү**

- Өзүн-өзү баалоо отчетунун түзүлүшүнүн Агенттиктин талаптарына шайкештиги.
- Бардык бөлүмдөрдүн жана тиркемелердин болушу (студенттердин, профессордук-окутуучулук курамдын тизмелери, жарыялар, окуу пландары, финансылык жана кадрдык документтер, сурамжылоолордун жыйынтыктары ж.б.). (Референт менен эксперттин прерогативасы)
- Ченемдик документтерге шилтемелердин тууралыгын текшерүү.

**3. Стандарттар жана критерийлер боюнча мазмундук анализ**
Эксперт ар бир аккредитация стандарты боюнча анализ жүргүзөт:

1. **Миссия жана өнүгүү стратегиясы**
   - Максаттардын тактыгы жана жетишилерлиги, мамлекеттик билим берүү саясатына шайкештиги.
   - Стратегиялык жана операциялык пландардын болушу, алардын аткарылышын мониторинг кылуу.
2. **Башкаруу жана ички сапатты камсыздоо механизмдери**
   - Башкаруу түзүмүнүн натыйжалуулугу, регламенттердин болушу.

- Ички сапатты контролдоо системасы, комиссиялардын жана бөлүмдөрдүн иши.

3. **Билим берүү программалары**
   - Программалардын мазмунунун билим берүү стандарттарына шайкештиги.
   - Окуу планынын логикалуулугу, практикалардын жана изилдөө бөлүгүнүн болушу.
4. **Студенттер жана үйрөнүүчүлөр**
   - Кабыл алуу процедуралары, конкурс тандоосунун ачыктыгы.
   - Студенттерге академиялык, социалдык, психологиялык колдоо көрсөтүү.
   - Студенттердин башкарууга катышуусу,
5. **Профессордук-окутуучулук курам**
   - Кадрлардын квалификациясынын талаптарга шайкештиги.
   - Илимий, методикалык, эл аралык ишмердикке катышуу.
   - Квалификацияны жогорулатуу, академиялык мобилдүүлүк.
6. **Илимий жана инновациялык ишмердик**
   - Окутуучулардын жана студенттердин изилдөө иши.
   - Жарыялар, долбоорлор, гранттар.
7. **Ресурстар жана инфраструктура**
   - Материалдык-техникалык база, китепканалар, лабораториялар, IT-ресурстар.
   - Студенттер үчүн ресурстардын жеткиликтүүлүгү.
8. **Финансылык туруктуулук** (институционалдык аккредитацияда)
   - Бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каржылоонун болушу.
   - Каражаттарды ачык-айкын пайдалануу.
9. **Тышкы байланыштар жана өнөктөштүк**
   - Иш берүүчүлөр жана эл аралык өнөктөштөр менен кызматташуу.
   - Практикаларды уюштуруу, бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштуруу.
10. **Жыйынтыктар жана жетишкендиктер**

- Үлгерүү, бүтүрүүчүлөрдүн көрсөткүчтөрү.
- Жумушка орношуу деңгээли.
- Кесиптик коомчулуктагы абрюю.

**4. Маалыматтарды верификациялоо**

- Өзүн-өзү баалоо отчетундагы маалыматтарды тиркемелер менен салыштыруу.
- Карама-каршылыктарды, ишенимсиз же толук эмес маалыматтарды аныктоо.
- Визит учурунда тактоо үчүн суроолорду даярдоо.

**5. Алдын ала жыйынтыктарды түзүү**

- Ар бир стандарт боюнча аналитикалык жазма түзүү:
  - күчтүү жактары;
  - аныкталган шайкеш эместиктер же тобокелчиликтер;
  - жакшыртуу боюнча сунуштар.
- Эксперттик топ менен кийинки талкууга своддук анализ түзүү.

## III. Эксперттин иш принциптери

1. **Объективдүүлүк** – фактыларды баалоо, жеке пикирин эмес.
2. **Далилдүүлүк** – бардык жыйынтыктар документтерге, статистикага жана фактыларга таянышы керек.
3. **Системдүүлүк** – анализ бардык критерийлерди камтып, ырааттуу болушу керек.
4. **Купуялуулук** – анализ учурунда алынган маалыматтар ачыкка чыгарылбайт.

## IV. Эксперттин акыркы документи

Эксперт төмөнкүлөрдү камтыган индивидуалдык отчетту (аналитикалык жазманы) даярдайт:

1. Билим берүү уюмунун/программанын жалпы мүнөздөмөсү.
2. Ар бир стандарт/критерий боюнча отчеттун анализи.

3. Маалыматтын ишенимдүүлүгүнө баа берүү.
4. Күчтүү жана алсыз жактардын тизмеси.
5. Эксперттик топтун акыркы корутундусун даярдоо үчүн сунуштар.

Документ түзүмдүү, расмий түрдө жана субъективдүү баалоолорсуз даярдалышы керек.

**Өзүн-өзү баалоо отчету боюнча эксперттик корутундунун шаблону**

**1. Отчеттун жалпы мүнөздөмөсү**

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчет толук көлөмдө берилген жана белгиленген талаптарга шайкеш келет ……

Отчеттун түзүлүшү жана мазмуну жалпы жонунан «Сапаттуу Билим» агенттиги белгилеген стандарттарга жана критерийлерге шайкеш келет ……

Документ Агенттиктин методикалык сунуштарына ылайык даярдалып, билим берүү программасынын негизги ишмердик багыттары жөнүндө маалыматтарды камтыйт ……

**2. Миссия, максаттар жана окутуу натыйжалары**

Программанын миссиясы жана максаттары так формулировкаланып, ЖОЖ/колледждин өнүгүү стратегиясына жана эмгек рыногунун талаптарына шайкеш келет ……

Жарыяланган окутуу натыйжалары улуттук квалификациялар алкагы жана кесиптик стандарттар менен шайкеш (НРК деңгээлин көрсөтүү) ……

Отчетто максаттар, милдеттер жана окутуу натыйжаларынын логикалык байланышы байкалат ……

**3. Окуу планы жана программасынын мазмуну**

Программанын окуу планы ченемдик талаптарга ылайык иштелип чыгып, жарыяланган натыйжаларга жетүүнү камсыз кылат ……

Дисциплиналардын жана модулдардын мазмуну жетиштүү толуктук жана актуалдуулук менен мүнөздөлөт ……

Теориялык жана практикалык даярдыктын тең салмактуулугу белгиленет ……

Ошол эле учурда отчетто … жөнүндө маалымат жетишсиз ачылган (мисалы, дисциплиналар аралык байланыштар, айрым дисциплиналардын практикалык багыттуулугу).

**4. Педагогикалык кадрлар**

Отчетто профессордук-окутуучулук курамдын маалыматтары берилген жана алардын квалификациялык деңгээли программаны ишке ашыруу талаптарына шайкеш экендигин ырастайт ……

Окутуучулар методикалык, илимий жана практикалык ишмердикке активдүү катышат ……

Кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана эл аралык долбоорлорго катышуу тууралуу маалымат жетишсиз ачылган.

**5. Материалдык-техникалык база**

Отчетто билим берүү процессинин материалдык-техникалык камсыздалышы боюнча маалымат берилген ……

Окуу-лабораториялык база жалпы жонунан жарыяланган окутуу натыйжаларына шайкеш келет ……

Бирок заманбап программалык камсыздоо/жаңы лабораториялык жабдуулар менен камсыздоо жетишсиз экени белгиленет (зарыл болсо көрсөтүү).

**6. Илимий-изилдөө жана тарбиялык ишмердик**

Отчетто студенттердин жана окутуучулардын илимий-изилдөө ишинин багыттары чагылдырылган (изилдөөлөрдүн темаларын, актуалдуулугун, натыйжаларын көрсөтүү: макалалар, коргоолор, патенттер, колдонмолор).

Студенттер конференцияларга, сынактарга жана долбоорлорго катышышат (иш-чаралардын деңгээлин жана жыйынтыктарын көрсөтүү).

Илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын окуу процессине киргизүү тууралуу маалымат жетишсиз ачылган.

Тарбиялык ишмердик системдүү жүргүзүлүп, кесиптик жана жарандык компетенцияларды калыптандырууга багытталган.

**7. Иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен өз ара кызматташуу**

Отчетто өнөктөш уюмдар менен кызматташуу боюнча маалымат берилген ……
Иш берүүчүлөр программаны иштеп чыгууга жана ишке ашырууга, ошондой эле жыйынтык аттестациясына катышат ……

Иш берүүчүлөрдүн жана бүтүрүүчүлөрдүн сурамжылоолорунун жыйынтыктары программаны талапка ылайык экенин ырастайт (сурамжылоо жыйынтыктарын көрсөтүү).

Окуу планын өркүндөтүү үчүн кайтарым байланыш механизмдерин активдештирүү зарыл.

**8. Ички сапатты камсыздоо системасы**

Отчетто билим берүү программасынын ички сапатын баалоо системасынын сүрөттөлүшү берилген ……

Мониторинг процедураларынын, окуу процессин үзгүлтүксүз баалоонун жана студенттер менен кайтарым байланыштын бар экени белгиленет ……
Бирок сапат системасын мындан ары өнүктүрүү зарыл (мисалы, иш берүүчүлөрдү тартуу, бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктерин талдоо механизмдерин кеңейтүү).

**9. Программанын күчтүү жактары жана өркүндөтүү багыттары**

Күчтүү жактары:

- Программанын темасынын жана максаттарынын актуалдуулугу;
- Окутуучулардын жогорку квалификация деңгээли;
- Иш берүүчүлөр менен өнөктөштүк байланыштардын болушу;
- Студенттердин илимий жана долбоордук ишмердикке катышуусу.

Өркүндөтүү багыттары:

- Кадрдык саясатты өркүндөтүү (квалификацияны жогорулатуу, академиялык мобилдүүлүк);
- Материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү;
- Стейкхолдерлер менен кайтарым байланыш механизмдерин кеңейтүү;
- Практикалык багыттуулукту күчөтүү.

**10. Акыркы корутунду**

Жалпысынан билим берүү программасы боюнча өзүн-өзү баалоо отчету анын абалы жана өнүгүү динамикасы тууралуу объективдүү маалымат берет.
Отчет сапаттуу даярдалып, программанынын күчтүү жактарын чагылдырат жана өркүндөтүүнү талап кылган багыттарды аныктайт.
Аныкталган кемчиликтер оңдолууга тийиш мүнөздө болуп, жалпы оң баага таасир этпейт.
Отчет тышкы экспертизанын негизги документи катары кабыл алынышы мүмкүн.